Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетине
караштуу Мамлекеттик
кызмат жана жергиликтүү өз
алдынча башкаруу иштери
боюнча мамлекеттик
агенттигинин
_____№_____буйругуна
3-тиркеме

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын милдеттүү иш-чараларынын**
**ТИПТҮҮ КАЛЕНДАРЫ**

| № | Иш-чара | Мөөнөтү | Өткөрү форматы | Жооптулар | Күтүлүүчү жыйынтыктар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Өткөн жылдын бюджетинин аткарылышы боюнча коомдук бюджеттик угуу | Январь-февраль | Коомдук бюджеттик угуулар | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы;<br>ФЭБ башчысы;<br>жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясынын мүчөлөрү; | Жарандар бюджетти түзүү жана аткаруу маселелерин талкуулоо жана чечимдерди кабыл алуу процессине катышат, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишинин ачыктыгын жана жоопкерчилигин жогорулатат. |
| 2 | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын жылдык отчету | Январь-февраль | Жергиликтүү коомчулуктун чогулуштары | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу | Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өткөн жылдагы ишинин жыйынтыгы менен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | органынын башчысы; жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкерлери; | таанышып, үстүбүздөгү жылдын иш планына өз сунуштарын киргизе алышат. |
| 3 | Социалдык-экономикалык өнүгүү программасы (СЭӨП) боюнча коомдук угуулар | Март-Май | Коомдук угуулар | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы; СЭӨПтү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ; | Программаны иштеп чыгуу процессине жарандар тартылат, ал жарандык активдүүлүктү жана жоопкерчиликти жогорулатууга, ошондой эле өз жамаатын өнүктүрүүдө катышуу сезимин калыптандырууга көмөктөшөт. |
| 4 | Келерки жылдын бюджетинин долбоору боюнча коомдук бюджеттик угуу | Июнь-август | Коомдук бюджеттик угуулар | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы; ФЭБ башчысы; жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясынын мүчөлөрү; | Жарандар бюджетти түзүү жана аткаруу маселелерин талкуулоо жана чечимдерди кабыл алуу процессине катышат, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ишинин ачыктыгын жана жоопкерчилигин жогорулатат. |
| 5 | Кызмат көрсөтүүлөрдүн | Жыл | Коомдук | жергиликтүү өз | Жарандар кызмат |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | тарифтери боюнча коомдук угуулар (ичүүчү суу, таштандыларды чыгаруу ж.б.) | ичинде | угуулар | алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы; муниципалдык ишкана жана башка кызмат көрсөтүүчүлөр; | көрсөтүүчүнүн иши жөнүндө маалымат алышат, кызмат көрсөтүүлөргө экономикалык жактан негизделген тарифтерди киргизүүгө, кызмат көрсөтүүнүн сапатын жана кызмат көрсөтүүчүлөрдүн финансылык туруктуулугун жогорулатууга көмөктөшүүчү кызматтын баасы (тарифи) жөнүндө маалымат алышат |
| 6 | Жергиликтүү кенештин депутаттарынын шайлоочулардын алдында аткарылган иштери боюнча отчеттору | Декабрь | Айылдык жыйын | жергиликтүү кеңештин төрагасы; жергиликтүү кеңештин депутаттары; жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы; | Жергиликтүү кеңештин депутатынын ишинин ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун камсыздоо, депутат менен шайлоочулардын ортосундагы ишенимди чыңдоо, депутаттын жана жергиликтүү кеңештин ишин жакшыртуу үчүн шайлоочулардан пикир алуу. |

*Эскертүү:* Планды иштеп чыгуу учурунда, иш-чаралардын календары кошумча иш-чаралар менен толукталышы мүмкүн. Мисалы; жарандарды сурамжылоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча жолугушуулары, жаштар форумдары, жергиликтүү курултайлар ж.б.